**«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-сентябрындагы № 500 «Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 1-4-класстарынын окуучуларын тамактандыруусун уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Долбоордун максаты жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бул токтомунун долбоорунун максаты жана милдети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 382-VII «Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштурууну жакшыртуу жөнүндө» токтомун ишке ашыруу жана 2023-жылдын 1-январынан тартып жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-класстары окуучулардын тамак-ашына белгиленген базалык сумманы 7 сомдон 20 сомго чейин көбөйтүү менен жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-класстарынын окуучуларынын тамактануусунун сапатын жакшыртуу болуп саналат.

## 2. Сүрөттөөчү бөлүгү

2013-жылга чейин башталгыч класстын окуучулары үчүн тамак-аш бир булочка жана суусундукту (сүт, чай, компот ж.б.) камтыган жеңил тамак түрүндө гана уюштурулуп келген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-сентябрындагы № 333 тескеме менен Кыргыз Республикасынын Вице-премьер-министрине караштуу Мектептерде тамактанууну оптималдаштыруу маселелери боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн. Балдардын дени сак жана баланстуу тамактануусун уюштурууга багытталган башталгыч класстын окуучуларына ысык тамак киргизүү боюнча активдүү иштер башталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын өкүлчүлүгү тарабынан Кыргыз Республикасындагы мектептердеги тамактануунун натыйжалуулугун изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча мектептерде ысык тамакты киргизүүнү улантты.

Мектепте эртең мененки тамак окуучунун күнүмдүк рационунун 25% - 550 ккал болушу керек экендигин белгилей кетүү маанилүү.

Бирок, азык-түлүккө болгон баанын кескин көтөрүлүшүн эске алып, Кыргыз Республикасынын көптөгөн мектептери 1-4-класстын окуучуларынын тамагын кайра булочка жана суусундукка которууга аргасыз болушууда, бул балдардын тамактарынын калориялуулугун бир топ төмөндөтүүдө.

Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-сентябрындагы № 158 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 “Калктын саламаттыгын сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомуна ылайык:

**Таблица №1**

**Балдар жана өспүрүмдөр үчүн энергияга жана азыкка физиологиялык талаптардын нормалары**

| **Тамак-аш каражаттары** | | **7-10 жаш** | **11-13 жаш** | | **14-18 жаш** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **бала** | **кыз** | **жигит** | **бойго жеткен кыз** |
| 1 | Энергия (ккал)* | 2200 | 2300 | 2400 | 2500 | 2400 |
| 2 | Белоктор, г* | 82 | 86 | 80 | 88 | 85 |
| 2.1 | Анын ичинде жаныбар (%) | 60 | | | | |
| 3 | Майлар, г* | 82 | 86 | 81 | 89 | 85 |
| 4 | Углеводдор, г* | 308 | 349 | 337 | 372 | 352 |

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ысык тамак менен 7-10 жаштагы балдардын энергияга болгон муктаждыгы 95,3%, ал эми жеңил тамак менен (булочка жана суусундук) 53,2% гана камсыздалат.

**Таблица № 2**

**Тамак-аштын ар кандай түрлөрүнүн энергетикалык баалуулугун баалоо**

| Тамактануу түрү | 7-10 жаштагы балдардын муктаждыгы (күнүмдүк норманын 25%), ккал | Бир порция тамак-аштын энергетикалык баалуулугу, ккал | Балдардын энергия муктаждыктарын канааттандыруу, % |
|---|---|---|---|
| Ысык тамак | 550 | 524,1 | 95,3% |
| Жеңил тамак | 550 | 292,6 | 53,2% |

Тамак-аштын ысык түрү менен калория бирдигинин финансылык чыгымы жеңил тамакка караганда 27,6% төмөн.

Белокторго болгон муктаждык 55,1% ысык тамак менен, 24,4% жеңил тамак (булочка жана суусундук) менен камсыздалат.

**Таблица №3**

**Тамактануунун ар кандай түрлөрүндөгү белоктун өлчөмүнө баа берүү**

| Тамактануу түрү | 7-10 жаштагы балдардын муктаждыгы (күнүмдүк норманын 25%), г | Тамак-аштын бир порциясындагы өлчөмү, г | Балдардын муктаждыктарын канааттандыруу, % |
|---|---|---|---|
| Ысык тамак | 20,5 | 11,3 | 55,1 % |
| Жеңил тамак | 20,5 | 5,0 | 24,4 % |

Тамак-аштын ысык түрү менен белоктун бирдигине каржылык чыгым жеңил тамакка караганда 61,2% төмөн.

Ушундай эле абалды майдын өлчөмүнөн да байкоого болот: балдардын майга болгон муктаждыгы ысык тамак менен 49,3%, жеңил тамак менен 29,7% гана камсыздалат.

**Таблица №4**
**Тамактануунун ар кандай түрлөрүндө майдын өлчөмүнө баалоо**

| Тамактануу түрү | 7-10 жаштагы балдардын муктаждыгы (күнүмдүк норманын 25%), г | Тамак-аштын бир порциясындагы өлчөмү, г | Балдардын муктаждыктарын канааттандыруу, % |
|---|---|---|---|
| Ысык тамак | 20,5 | 10,1 | 49,3 % |
| Жеңил тамак | 20,5 | 6,1 | 29,7% |

Тамак-аштын ысык түрү менен майдын бирдигинин финансылык чыгымы жеңил тамакка караганда 18,3% төмөн.

Углевод менен абал башкача. Балдардын углеводго болгон муктаждыгы закуска менен 69,9%га чейин жана ысык тамак менен 117,8%ке чейин камсыздалат (алардын суткалык нормасынын 25%ынан).

**Таблица №5**
**Тамактануунун ар кандай түрлөрүндө углеводдун өлчөмүнө баа берүү**

| Тамактануу түрү | 7-10 жаштагы балдардын муктаждыгы (күнүмдүк норманын 25%), г | Тамак-аштын бир порциясындагы өлчөмү, г | Балдардын муктаждыктарын канааттандыруу, % |
|---|---|---|---|
| Ысык тамак | 77,0 | 91,9 | 119,3 % |
| Жеңил тамак | 77,0 | 54,5 | 90,8 % |

Тамак-аштын ысык түрү менен майдын бирдигине болгон каржылык чыгаша, ошондой эле жеңил тамакка караганда 20,1% төмөн.

Ошентип, тамак-аштын ысык түрү менен азыктык баалуулуктун, микроэлементтердин жана витаминдердин бирдигинин баасы жеңил тамак же аралаш түрдөгү тамак-ашка караганда бир кыйла төмөн.

Жалпысынан учурда Кыргыз Республикасында 1735 мектепте (1-4-класстар) ысык тамак берилип жатат, бул жалпы сандын 73,92%ын түзөт. Белгилей кетсек, окуучуларга ысык тамак бир балага 7 сомдон, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы райондордо бир балага 10 сомдон берилет, бирок бул суммалар адегенде жеңил тамак (булочка жана суусундук) берүү үчүн гана эсептелген. Мындан тышкары, окуучулардын тамак-ашына бөлүнгөн сумма 2006-жылдан бери өзгөргөн жок жана индексацияланбайт, б.а. 16 жылдан бери.

Улуттук статистикалык комитет тарабынан жүргүзүлгөн Кыргыз Республикасындагы азык-түлүк коопсуздугуна баалардын мониторингине ылайык (2022-жылдын 15-июлундагы № 57 чыгарылыш) 2022-жылдын январь-июнь айларында керектөө бааларынын индекси негизги азык-түлүк товарларына 2021-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 16,4%ды түздү. 2020-жылдын февраль айына салыштырмалуу буудайдын баасы 67%га, кантка 138%га, өсүмдүк майына 97%га, картошкага 70%га кымбаттады.

Азык-түлүк рыногунда баалардын өсүшү мектептик тамактандыруу программасы үчүн тобокелдиктерди, атап айтканда, мектептеги тамак-аштын сапатынын (жыштыгы, ар түрдүүлүгү, энергетикалык жана азыктык баалуулугу) начарлоо коркунучун жаратат. 2021-жылы жакырчылыктын деңгээли кескин өсүп, 33% га жетти, калктын 10% жакырчылыктын чегинде жашайт. 2022-жылдын июнь айында жылдык инфляция 2021-жылдын июнь айына салыштырмалуу 13,1% деңгээлинде (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматы боюнча) сакталып калган, бул аймактагы эң жогорку көрсөткүч.

<u>Азык-түлүккө баанын өсүшү төмөндөгүлөргө алып келди:</u>

- окуучулар үчүн мектеп ашканасында тамактын үлүшүн азайтуу (мисалы, стандарт боюнча 150 граммдын ордуна 120 г.);
- жемиш компотунун ордуна кара чайды колдонуу (компот чайга салыштырмалуу бир топ аш болумдуу);
- ингредиенттердин санын азайтуу (мисалы, булочка өсүмдүк майы, жумуртка жана кантсыз бышырылат, ж.б.);
- эт кошулган тамактардын санынын азайышы (анткени эттин баасы жыл ичинде 30% га чейин кескин кымбаттаган);
- белгиленген баадагы азык-түлүк контракттары бар азык-түлүк жеткирүүчүлөр азыркы учурда бир эле азык-түлүккө жана күйүүчү майга болгон баалар көтөрүлүп, кирешесин жоготуучу начар абалда. Мына

ушулардын бардыгы алып келинген продукциянын сапатына таасирин тийгизет.

Окуучуларга күн сайын керектелүүчү калориялардын жана керектүү азыктардын саны азайып, бул балдардын когнитивдик жөндөмдүүлүктөрүнө жана алардын жалпы ден соолугуна терс таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 382-VII «Жалпы билим берүү уюмдарында окуучуларды тамактануусун уюштурууну жакшыртуу жөнүндө» токтомун ишке ашыруу жана жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-класстын окуучуларынын тамактануу сапатын жакшыртуу максатында Республиканын жалпы билим берүү мекемелеринин башталгыч класстарынын окуучулары үчүн ысык тамакты кеңири жайылтуу боюнча Министрлик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыккан, ал окуучулардын жаш курагына жана аш болумдуу заттарга жана энергияга физиологиялык керектөөлөрүнө, рационалдуу жана тең салмактуу тамактануунун принциптерине ылайык ысык тамак менен камсыз кылууга, Бажы бирлигинин тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жаатындагы техникалык регламенттерине ылайык тамак-аштын сапатын жана коопсуздугун камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоору Кыргыз Республикасынын министрликтер жана ведомстволор макулдашуу жол жобосунан өттү.

Кыргыз Республиксынын Юстиция министрлиги «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесине ылайык ченемдик укуктук актылар расмий жарыяланган күндөн тартып 7 жумушчу күндүн ичинде ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилет. Мамлекеттик реестрге киргизилбеген ченемдик укуктук актынын юридикалык күчү жок.

Ушуга байланыштуу долбоордун аталган түзүмдүк элементинде «күчүнө киргенден кийин» деген сөздөрдөн кийин «7 жумушчу күндөн кийин» деген сөздөр менен толуктоону сунушталып жатат. Бардык сунуштар эске алынды.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна төмөнкүдөй мазмундагы жооп кайтарышкан: «Бул маселе « 2023-жылга республикалык бюджет жана 2024-2025 жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын долбоорун талкуулоодо карала тургандыгын маалымдашкан.

Башка министрликтер жана ведомстволор тарабынан сын-пикирлер жана сунуштар келип түшкөн жок.

3. **Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерди болжолдоо**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бул токтомунун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

4. **Коомдук талкуунун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтында (https://www.gov.kg) жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында (http://koomtalkuu.gov.kg) коомдук талкулоо процедурасы үчүн жайгаштырылат.

5. **Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Киргизилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

6. **Каржылоонун муктаждыгы жана булактары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорунда каралган чараларды ишке ашыруу республикалык бюджеттен 1 556 907 600 сом (457 914 окуучу x 20 сом=9 158 280x170 күн=1 556 907 600 сом бир миллиард беш жүз элүү алты миллион тогуз жүз жети миң алты жүз сом) каржылоону талап кылат.

7. **Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Киргизилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору жөнгө салуучу таасирин талдоону талап кылбайт, анткени ал ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **У.Э. Мамбетакунов**